УДК 37.043.2:028.1:811.512.154
DOI: 10.36979/1694-500X-2025-25-2-194-198

# ТЕХНОЛОГИЯ ИНТЕГРИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ ЛИТЕРАТУРНОМУ ЧТЕНИЮ

*С.С. Сакиева, Г.К. Усенова, Н.Ш. Мокуева, М.М. Асаналиева*

*Аннотация.* Рассмотрены проблемы интегрированного преподавания литературного чтения и кыргызского языка в начальных классах. Проведён научный анализ научно-методической литературы, посвящённой технологии интегрированного обучения. В научной статье были отобраны и обсуждены работы местных и педагогов других стран, посвящённые известной технологии интеграционного обучения, дидактическим принципам и методам их реализации. Проанализированы работы кыргызских преподавателей по интеграционному обучению, рассмотрены текущее состояние, формы и методы работы с ними, вынесены на обсуждение. Представлены три основных уровня интегрированного обучения литературному чтению и кыргызскому языку в начальных классах, даны методические и практические рекомендации по их применению в школьной практике. Место и роль инновационных технологий обучения в современном образовании обсуждаются, так как имеют большие перспективы.

*Ключевые слова:* технологии интегративного обучения; три уровня интегративного обучения; новая технология обучения; интегративное обучение литературному чтению.

# АДАБИЙ ОКУУ ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАКТАРЫН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ

*С.С. Сакиева, Г.К. Усенова, Н.Ш. Мокуева, М.М. Асаналиева*

*Аннотация.* Илимий чөйрөнүн талкуусуна коюлуп жаткан илимий макалада башталгыч класста адабий окуу жана кыргыз тили предметтерин интеграциялап окутуунун проблемаларына арналды. Интеграциялап окутуу технологиясына арналган илимий жана методикалык адабияттар илимий талдоодон өткөрүлдү. Илимий макалада белгилүү интеграциялык окутуу технологиясына арналган кыргыз жана дүйнөлүк педагогдордун эмгектери, аларды ишке ашырууга дидактикалык принциптер, методдор тандалып алынып, талкууланды. Интеграциялап окутууга кыргыз окумуштууларынын эмгектери талданып, учурдагы абалы, алар менен иштөөнүн формалары жана методдору каралды, талкууга коюлду. Ошондой эле макалада башталгыч класстагы адабий окуу жана кыргыз тили сабактарын интеграциялап окутуудагы үч чоң деңгээли сунушталып, аларды мектеп тажрыйбасында колдонуунун методикалык жана практикалык сунуштары коюлду. Учурдагы заманбап билим берүүдөгү инновациялык окутуу технологиясынын орду жана ролу талкууланып, инновациялык окутуунун мындан ары окуп-үйрөнүүнүн теориялык жана дидактикалык шарттары каралып, алардын келечектеги интеграциялап окутуунун маңызын ачып берүү макаланын мазмунунун өзөгүн түзөт.

*Түйүндүү сөздөр:* интеграциялык окутуунун технологиялары; интеграциялап окутуунун үч деңгээли; окутуунун жаңы технологиясы; адабий жана кыргыз тили сабактарынын интеграциялап окутуу.

# TECHNOLOGY OF INTEGRATED TEACHING OF LITERARY READING

*S.S. Sakieva, G.K. Usenova, N.Sh. Mokueva, M.M. Asanalieva*

*Abstract.* The article the problems of integrated teaching of literary reading and Kyrgyz language in elementary school. The scientific analysis of scientific and methodological literature devoted to the technology of integrated learning was carried out. The scientific article selected and discussed the works of local and other countries' teachers, devoted to the known technology of integrative teaching, didactic principles and methods of their realization. The works of Kyrgyz teachers on integrative learning have been analyzed, the current state, forms and methods of work with them have

been discussed. Three main levels of integrated teaching of literary reading and Kyrgyz language in primary grades are presented, methodological and practical recommendations for their application in school practice are given. The place and role of innovative teaching technologies in modern education are discussed, as they have great prospects.

*Keywords:* integrative learning technologies; 3 levels of integrative learning; new learning technology; integrative teaching of literature.

**Киришүү.** Билимдерди интеграциялап берүүнүн дидактикалык маани-маңызы тууралуу ой-пикирлер, идеялар байыркы мезгилдерде эле айтылып, изилдөө, окутуу иштеринде колдонула баштаган. Педагог-окумуштуу Э. Мамбетакунов бул проблеманын татаал жана көп кырдуулугун, анын башаты илимдерди жана илимий билимдерди интеграциялоодон башталып, проблеманын өзү байыркы ойчулдардын эмгектеринде чагылдыргандыгын өз эмгектеринде белгилеп келет. Илимий билимдерди интеграциялоо маселеси улуу ойчулдар Платон, Аристотелден башталып И. Кант, Г. Гегель, Д.И. Менделеев, А. Энштейн, И.П. Павлов сыяктуу окумуштуулардын эмгектерине чейин, педагогикада Я.А. Коменский, И.Г. Песталоцци, А. Дистерверг, К.Д. Ушинский, Ф.И. Буслаев ж. б. эмгектеринде атайын талдоолорго алынган [1]. Окутуу, үйрөтүү иштери боюнча Я.А. Коменскийдин: «бардык өз ара байланышта болгон нерселер, ошол байланышта окутулушу керек», деген сөзү интеграциялоо маселесинде көңүлгө алынып келет [2].

Филологиялык билим берүү багытындагы методикалык эмгектерде кыргыз тилин интеграциялап окутууга караганда кыргыз адабиятын интеграциялап окутуунун маселелери кыйла терең изилгендиги белгилүү болгон. Бул маселеге К. Иманалиев, Б. Алымов, С. Байгазиев, А. Муратов, С. Рысбаев, Б. Оторбаев, М. Тешебаев, М. Мадумарова, Т. Халиловалар атайын кайрылышып, кандидаттык диссертацияларын коргошкон [3].

Педагогика илиминде «интеграция» «предмет аралык байланыш» түшүнүгү менен биримдикте каралат, ушул өңүттөн окутууну натыйжалуу деп билет. Эгерде билим берүү, окутуу процессинде эки же андан көп предметтердин өз ара байланышы-катышы толук ачылып, ал окутуу ишине көмөк көрсөтө алса, окуучуларга ал предметтердин өз ара байланышы, алакасы, өз ара аракеттенүүлөрү толук түшүнүктүү болсо, ал сабак интеграцияланган сабак болуп эсептелет.

Предметтерди интеграциялоодо төмөндөгүлөрдү эске алынат: 1) интеграциялап сабак өтүүнүн максаты; 2) сабактын темаларын тандап алуу жана аны кайсы жерде өткөрө тургандыгын пландаштыруу; 3) ошол темалар боюнча кызыктуу маалыматтарды издөө жана жыйноо; 4) алынган маалыматтарды темалар менен байланыштырып, пландоо. Башталгыч класстарда кыргыз тили менен адабий окуу, музыка, сүрөт, математика, орус тилин ж. б. предметтерди интеграциялап окутсак, окуучулар үчүн да, мугалимдер үчүн да чоң ийгиликтерди жаратат. Мисалы: кыргыз тилиндеги муундарга бөлүүнү үйрөтүп жатканда адабий окуудагы жомоктор менен байланыштырып, ошол жомоктордогу каармандардын сүрөтүн ойлонуп, элестетип тарттыруу, аларга карата сүйлөм түздүрүп, аларды муундарга бөлүп жазуу аркылуу өтүүгө болот.

**Материалдар жана изилдөө методдор.** Интеграциялап окутуу технологиясын илимий талкууга коюуда биз принциптерге таяна алдык, тактап айтканда, илимийлүүлүк (теориялык маалыматтардын, эрежелердин, талдоолор), проблемалуулук (окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүк аракеттерин уюштуруу), көрсөтмөлүүлүк (баланын эсте тутуусун түшүнүктөрдү предметтүү баяндоо аркылуу бекемдөө), аң-сезимдүүлүк (аң-сезимдүү кабылдоо аркылуу өздөштүрүүгө багыт берүү), активдүүлүк (сабактагы таанып-билүүчүлүк ишаракеттерин ыкчамдатуу), жеткиликтүүлүк (сабактын мазмунун баланын курагына, кабыл алуусуна ылайык методдордун тандалышы), системалуулук (теманын мазмунун уланмалуулукта, ырааттуулукта берилиши), оптималдуулук (аз убакытта жетишерлик өлчөмдө билим берүү жолдорун табуу). Ал эми интеграциялап окутуу технологиясына төмөнкү методдор аркылуу талдоо жүргүздүк. Айтып берүү методу (окуу материалдарынын мазмунун айтып берүү, баяндап берүү, түшүндүрүү), аңгемелешүү методу (мугалим менен окуучунун жандуу аңгемелешүүсү менен билимди бекемдөө), талкуу методу (атайын максат коюп, бир тема

боюнча талкуу уюштуруу), роль ойноо методу (адабият сабагында каармандардын ролун аткарып ойноо), байкоо методу (окуучунун ишмердиги, өздөштүрүүсүн системалуу байкоо), китеп менен иштөө методу (сабакта окуучунун сүйлөп берүү ишин китеп менен, текст менен айкалыштырып иштөө), долбоор методу (бир теманын теориялык жана практикалык баалуулугун терең иликтеп, анын келечектүү багыттарын өз алдынча аныктоо), проблемалык кырдаал түзүү менен окутуу методу (теманын мазмунун репродуктивдүү кайталабай, проблемалуу жагдай түзүү менен, аны ой жүгүртүп чечүүгө машыктыруу), көнүгүү жана изилдөө методу (тил сабагынан сөздүн чыгыш тегин иликтөө, эрежелерди талдап түшүнүү же адабияттан каармандын мүнөзүн, чыгарманын идеялык маанисин далилдер менен иликтеп үйрөнүү, көнүгүү, машыгуу), коммуникативдик метод (тил жана адабият сабактарында окуучунун оозеки жана жазуу түрүндөгү байланыштуу кебин өстүрүү), интерактивдүү методдор (интерактивдүү ыкмаларды сабакта колдонуу) [4].

**Тыянактар жана талкуулар**. Интеграциялык окутуунун технологиясы окутуу процессиндеги активдүү системага кирет. Интеграция-заманбап шарттарда илимий билимдердин өнүгүшүнүн алдыңкы тенденциясы. Бул илимий-изилдөө натыйжалуулугун жогорулатуу, билим синтезинде көрүнүп турат. Учурдагы заманбап мектептеги интеграция бир нече багытта жана ар кандай деңгээлде жүрөт:

**Биринчи деңгээл.** Сабак ичиндеги айрым окуу предметтеринин ичинде түшүнүктөрдү, билимдерди, көндүмдөрдү интеграциялоо ж. б. (внутрипредметная).

Биринчи деңгээлдин мисалы, катары белгилүү бир дисциплинанын ичиндеги билимди системалаштыруу – жаңы мыйзамды ачуу, дүйнөнүн сүрөтүн тактоо процессинде ар түрдүү фактылардан алардын системасына өтүү. Бул деңгээлдин интеграциясы – предмет ичиндеги – материалды чоң блокторго «чачыратууга» багытталган, бул акыры дисциплинанын мазмунунун структурасын өзгөртүүгө алып келет. Башталгыч мектепте мазмун ар кандай структурага ээ болушу мүмкүн, мында айрым билим же анын элементтери ар кандай жолдор менен «байланышат» деген суроо башкы маселе катары каралат. Биз буга тексттин мазмунун талдоодогу технологияны мисал келтире алабыз. Окуучу текстти оозеки жана жазуу түрүндө тандай алат, тапшырма ошондой формада түзүлөт. Биз бул жерде кыргыз тили жана адабий окуу сабактарынын интеграциясын аныктоого болот. Бала текстти окуса, айтып берсе, суроолорго жооп берсе, каармандын образын сүрөттөсө, текстти көркөм окуса, ал эми кыргыз тили сабагынан тапшырма тексттеги айрым тапшырмаларга жооп жазуу, чакан аңгеме түзүү, эссе жазуу, кайтарым байланыштын бардык функциясы кыргыз тили сабагына байланышат. Демек, мындай иш-аракеттер кыргыз тили жана адабий окуу сабактарындагы интеграцияны бекемдейт [5].

**Экинчи деңгээл**. Предметтер аралык эки же андан көп дисциплиналардын фактыларынын, түшүнүктөрүнүн, принциптеринин синтези ж. б. (межпредметная).

Экинчи деңгээлдеги синтез-предметтер аралык интеграция-теорияларды, бир окуу дисциплинасынын методдорун экинчисин изилдөөдө колдонууда байкалат. Бул деңгээлде ишке ашырылган мазмунду системалаштыруу окуучулардын аң-сезиминде дүйнөнүн бүтүн картинасын калыптандыруу сыяктуу таанып-билүүчүлүк натыйжага алып келет, бул өз кезегинде жалпы илимий түшүнүктөрдө, категорияларда, мамилелерде чагылдырылган билимдин сапаттык жаңы тибинин пайда болушуна алып келет.

Предметтер аралык интеграция предмет ичиндеги интеграцияны олуттуу байытат. Демек, адабий окуу сабагындагы тексттерге сүйлөм, аны туура сүйлөөгө жана жазууга, угууга үйрөтүү, мекен таануу сабагында жаратылышты сүрөттөгөн тексттерди колдонуу, математика сабагында цифраларды колдонуу, сүрөт сабагында каармандардын сүрөтүн тартуу, жаратылышты сүрөтттөө иштери ишке ашат. Жалпысынан алганда, адабий окуу сабагындагы тексттин моделин пайдалануу, аны жетектөө иш-аракети ишке ашат. Биринчи сабактагы адабий окуу сабагындагы тексттин модели, аны талдоо ишке ашат. Мында тексттин башталышы, ортосу, аягы, чыгармага чыгарма жаратуу технологиясы адабий окуу сабагында калыптанат. Тексттин моделин ар тараптан түзүүнүн жолдору каралууга тийиш [6].

Демек, биз аны төмөндөгүлөргө өзгөчө маани беребиз. Ар бир чыгарманын башталышы, ортосу, аягы болуу керек, ал эми аны өркүндөтүүдө чыгарма жаратуу сөзсүз эске алынышы керек. Тексттин модели болжолдуу түрдө берилет. Окуучу тексттин маалыматын өздөштүрөт, мындагы каармандар, алардын иш-аракеттери, салыштыруу, сүрөттөө жумуштары менен иштөө практикаланат. Тексттин модели болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй болушу керек**.**

**"Мышык менен түлкү" (жомок, 3-класс)**

*1-чыгармачылык борбор.* Тексттин башталышы. Мышык менен түлкүнүн достугу.

*2-чыгармачылык борбор.* Түлкү менен мышыктын айла-амалы.

*3-чыгармачылык борбор.* Түлкү менен мышыктын планынын ишке ашпай калышы.

*4-чыгармачылык борбор.* "Айла-амалын көрсөтө албаган түлкү". Чыгарма жаратуу.

Жогорудагы сунушталган тапшырмалар адабий окуу сабагында же биринчи сабакта жүргүзүлөт. Бул биринчиден, окуучулардын орток, биргелешкен чыгармачылыгын калыптандырууга багыттоо менен чыгармачылык жана окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга багыттайт**.** Ал эми ушул материалды кыргыз тили сабагында колдонууга жетише алса, анда окуучунун коммуникативдик, кептик, тилдик компетентүүлүктөрү, ушундай компетенттүүлүккө сүрөт сабактарында калыптанат деп белгилөөгө болот. Адабий окуу сабактарындагы тексттер ар бир предметтин маанисин, максатын гана чечмелебестен, предметтердеги окуу сабаттуулугун жетектеп турат**.** Тексттин мазмуну ар бир сабакта окулат, анализдөө-синтездөө жүргүзүлөт. Ар бир сабактын структурасына, мазмунуна жараша ой жүгүртөт. Демек, бул иш-аракеттер окуучунун предметтин окуу материалдарын өз алдынча ой жүгүртүүгө, предметтин мазмунун чечмөөлөгө багыт алат [7].

Ал эми экинчи сабак математика сабагында ушул тексттин тегерегинде иш жүргүзүлөт. Текстти мазмунуна карата маселенин шартын түзүү, аны менен иштөө, оозеки жана жазуу жүзүндө иш жүргүзүлөт. Үчүнчү сабак кыргыз тили сабагында адабий окуу сабагындагы тексттерге сүйлөмдөр аркылуу ички интеграциялоо жүргүзүлөт. Мында окуучунун кол жазма сулуулугу колго алынат. Төртүнчү сабак сүрөт сабагында тексттеги окуя боюнча сүрөт менен иштөө жумуштары жүргүзүлөт. Бир күндүк сабакта окуучунун метапредметтик иш-аракети талкууланат, жыйынтыгы чыгарылат.

**Үчүнчү деңгээл.** Транспредметтик – билим берүүнүн негизги жана кошумча мазмунунун компоненттеринин синтези.

Жеке-дифференцияланган (чыгармачыл) форма – бул интеграцияланган иш-аракетти уюштуруунун эң татаал формасы, балдар ишти өз алдынча тандашат, айланасында предметтик мейкиндикти жана баарлашууну уюштурушат. Мисалы, ойлоп табууга жана жомок ойноого, чыгармага чыгарма жазууда, аны математикалык жактан изилдөөгө жана эсептөөгө жана башкаларга болот. Мазмунду интеграциялоонун эң жогорку деңгээли башталгыч окутуунун билим берүү чөйрөлөрүнүн мазмунун интеграциянын экинчи деңгээли боюнча уюштурулган, балдар мектептен тышкары алган билим берүүнүн мазмуну – транспредметтик интеграция катары мүнөздөөгө болот [8].

Интеграция – бул максат эмес, мугалимдин ишмердүүлүгүндөгү аныкталган система болгондуктан, интеграцияланган окутуунун акыркы натыйжасы да болушу керек. Интегралдык илимдердин маалыматтарын колдонуу менен көп кырдуу интерпретациялоонун эсебинен өздөштүрүлүүчү түшүнүктөрдүн, мыйзам ченемдүүлүктөрдүн тереңдигинде көрүнгөн предмет боюнча окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет. Демек, интеграциялап окутууда биз төмөнкү көйгөйлөр менен иштөө пландаштырылат.

1. Интеграциялык окутуу технологиясы башталгыч класста окутулуучу предметтердин бүтүндүгүн, биримдигин сактоого, аны улантууга мүмкүнчүлүк берет.

2. Интеграциялык окутуу технологиясына багытталган изилдөөлөр жүргүзүлүп, аны практикага сунуштоо зарыл.

3. Окуу программа, окуу китебиндеги материалдарга сунушталган интеграциялык окутуу технологиясынын моделдерин практикалоого карата сунуштар, алардын мындан ары өркүндөтүүнүн дидактикалык талаптарын иштеп чыгуу жана сунуштоо.

4. Башталгыч класстардын адабий окуу жана кыргыз тили сабактарына арналган изилдөөлөрдү жүргүзүү, интеграциялык окутууга арналган илимий изилдөөлөрдө заманбап интеграциялык окутуунун моделин иштеп чыгуу.

Поступила: 27.12.2024;
рецензирована: 13.01.2025; принята: 15.01.2025.

***Адабияттар***


1. *Браже Т.Г.* Интеграция предметов в современной школе / Т.Г. Браже // Литература в школе. 1996. 143-б.
2. *Ильенко Л.П.* Опыт интегрированного обучения в начальных классах / Л.П. Ильенко // Начальная школа. 1989. № 9. 68-б.
3. “Кыргыз тили жана адабий окуу” предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1–4-класстары үчүн. Бишкек, 2022. 44-б.
4. *Кукушкин В.С.* Современные педагогические технологии в начальной школе / В.С. Кукушкин. Ростов н/Д, 2003. 102-б.
5. *Колягин Ю.М.* Интеграция школьного обучения / Ю.М. Колягин, О.Л. Алексеенко // Начальная школа. 1990. № 9. 11-б.
6. *Мамбетакунов Э.* Педагогиканын негиздери / Э. Мамбетакунов, Т. Сияев. Бишкек, 2008. 304-б.
7. *Потапова Е.Н.* Интегрированные уроки в начальной школе или как создать у младших школьников целостную картину мира / Е.Н. Потапова. М.: Новая школа, 2002. 34-б.
8. *Сакиева С.С.* Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери / С.С. Сакиева. Бишкек, 2010. 151-б.